Каралды
Кесиптик бирликтин
төрайымы: ________ Эшимбекова А.К.
№ 1
"30" 08 2022-ж

Бекитемин
Нурлан Рахманов атындагы
орто мектебинин директору
________ Дюшенбаева С.Э.
01.09.2022-ж

**Санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдери жөнүндө жобосу**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 токтому менен бекитилген.

1.Жалпы жоболор жана колдонуу чөйрөсү

"Жалпы билим берүү уюмдарынындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга

карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар"

Санитардык-эпидемиологиялык эрежелери жана ченемдери жалпы билим берүү багытындагы окуучулардын ден соолугун сактоого багытталган.

Жалпы жоболор жана колдонуу чөйрөсү

1."Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар"окуучулардын ден соолугун сактоого багытталган.

2.Санитардык эрежелер төмөнкүлөргө карата санитардык-эпидемиологиялык талаптарды белгилейт:

-жалпы билим берүү уюмдарын жайгаштыруу;
-жайгашуу аймагына;
-мекеменин имаратына
-имаратынын жабдууларына;
-аба-жылуулук режимине;
-табигый жана жасалма жарыктандыруу;
-суу менен камсыз кылуу жана канализация;
-билим берүү процессинин режими;
-окуучуларды медициналык тейлөөнү уюштуруу;
-билим берүү уюмунун санитардык абалы;

3.Жалпы билим берүү уюмдарынын имараттары адамдар жашаган зонада, курулуштардан, автомагистралдардан, темир жол транспортунун объектилеринен, аба транспортунун учуу жана конуу маршруттарынан тышкары жайгашуусу зарыл;

4.Жалпы билим берүү уюмдарынын аймагы аркылуу шаардык багыттагы магистралдык инженерлик коммуникациялар-суу менен камсыз кылуу, канализация, жылуулук менен камсыз кылуу, энергия менен камсыз кылуулары өтпөшү керек.

Жалпы билим берүү мекемелеринин имаратына коюлган талаптар

5. Цоколдук этаждарды жана жер төлөө жайларын окуу жайлар, кабинеттер, лабораториялар, окуу устаканалары катары колдонууга болбойт;

6. Эгерде кабинеттерде окуу эмеректери окуучулардын бою-жашы боюнча өзгөчөлүктөрүнө ылайык келбесе, окутуунун кабинеттик системасын колдонууга уруксат берилбейт;

7. Китепкананын тиби жалпы билим берүү уюмдарынын түрүнө жана анын сыйымдуулугуна жараша болот.

8. Окуучу балдар жана кыздар үчүн каалгасы бар кабиналар менен жабдылган дааратканалар болушу керек.  ( 10 адамга бир раковина, 10 кызга 1 унитаз, 20 балага 1 унитаз жана 1 писсуар) Персонал үчүн 20 кишиге 1 унитаз, 1 жуунгуч жай эсебинде сантүйүн бөлүнөт;

9. Санитардык түйүндөрдө таштанды үчүн чакалар, даарат кагаздары үчүн илгичтер орнотулат. Жуунуучу раковиналарда самын салгычтарда самын же суюк самын болушу керек; Санитардык-техникалык шаймандар оң болушу керек, сыныктары, жаракалары болбоосу талап кылынат;

10. Мекеменин шыптары, дубалдары жылмакай болушу керек, жылчыктары, жаракалары, деформациялары, грибок оорусунун белгилери жок болушу керек жана дезинфекциялоочу каражаттарды колдонуу менен нымдуу тазалоого мүмкүн болушу керек.

11. Окуу жайдын полуна тактай, паркет же линолеум салынышы керек; Дааратканалардын полуна керамика плитасын салуу сунушталат.

12. Мектеп имаратында окуу процесси жүрүп жатканда оңдоо иштерин жүргүзүүгө тыюу салынат;

13. Төмөнкү түстөгү сырларды колдонуу сунуш кылынат: шып үчүн-ак, окуу жайдын дубалдары үчүн-сарынын, саргыч-боздун, күлгүндүн, жашылдын, көгүштүн ачык түстөрүн, эмерек үчүн –табигый жыгачтын түсү же ачык жашыл, класстык доскалар үчүн-кочкул жашыл, кочкул күрөң, каалагалар, терезенин рамалары үчүн – ак түс сунушталат;

14. Күйүп кеткен лампочкаларды өз убагында алмаштырып туруу зарыл;

15. Борборлоштурулган ысык суу менен камсыздалбаган уюмдарга ысытуучу система менен жабдылышы, үзгүлтүксүз муздак суу менен камсыздалышы талап кылынат; Жалпы билим берүү уюмдары КР ичүүчү суу менен камсыз кылуу мыйзамдарынын талаптарына жооп берген коопсуз суу менен камсыз кылынат. Канализациясынын иштөөсү талапка ылайык каралышы керек;

16. Окуучулар үчүн орундун саны долбоор тарабынан каралган жалпы билим берүү уюмдарынын сыйымдуулугунан ашпашы керек.

17. Окуу жайынын багытына жараша окуучулук эмеректердин ар кандай түрлөрү колдонулат: мектеп партасы, окуучунун столу (бир орундуу же эки орундуу), жөлөнгүчү бар отургучтары менен;

18. Окуучулук эмеректер балдардын ден соолугуна зыяны жок материалдардан жасалышы керек жана балдардын бою-жашы өзгөчөлүктөрүнө дал келиши зарыл;

19. Парталар окуу жайларында номерлери боюнча коюлат: кичирээктери доскага жакын, чоңдору арткараак.

20. Көрүүсү начар балдар класстык доскага жакын отургузулат.

21. Келбеттери бузулбашы үчүн биринчи сабакка келгенден тартып туура отурууга үйрөтүү зарыл.

22. Окуу жайларды жабдууда төмөнкү өткөөлдөрдүн жана аралыктардын өлчөмдөрү сакталышы керек:

-эки орундуу столдордун катарларынын арасы – 60 сантиметрден кем эмес;

-сырткы дубал менен жанындагы катардын арасы – 70 сантиметрден кем эмес

-акыркы столдор менен класстык доскага карама-каршы турган дубалга чейинки аралык – 140 сантиметрден кем эмес;

-биринчи партадан окуу доскасына чейин – 280 см. кем эмес;

-демонстрациялык столдон окуу доскасына чейин – 140 см. кем эмес;

-окуу доскасынын ылдыйкы чети полдон 70-80 см. өйдө болуш керек;

-эмеректи төрт катар кылып коюуда кабинеттердин квадрат же туурасынан болгон конфигурациясында класстык доскадан столдордун биринчи катарына чейин-300 см.кем эмес;

23. Маркердик досканы колонууда маркердин түсү досканын түсүнө карама-каршы болушу керек;

24. Терезелерге бүтүн айнек полотнолор салынышы керек;

25. Танапис сайын сырткы абанын температурасына карата кабинеттерди желдетип туруу зарыл;

26. Окуу жайлар сол тараптан табигый жарык тийгидей кылып долбоорлонот;

27. Айнектер кирдешине жараша 1 жылда 2 жолудан кем эмес жууп-тазаланат;

28. Өзунун жарыгы жок класстык доска жергиликтүү жарыктандыруу – атайын класстык доскаларды жарыктандыруу үчүн багытталган софиттер менен жабдылат.

29. Дезинфекциялоочу каражаттардын эритмелери куюлган идиштер капкак менен жабылып, каражаттын аталышы, анын концентрациясы, арналышы жана даярдалган датасы көрсөтүлөт.

30. Раковиналар, эшиктердин туткалары дезинфекциялоочу каражаттар менен сүртүү ыкмасы аркылуу тазаланат.

31.Окуу сабактары саат 9-00дөн эрте башталбайт; (кечки жана күндүзгү мектеп үчүн);

32. Эки сменада иштеген учурда саат 9.00 дөн 13.55 ке чейин 4, 5,6,7,8,9 класстын окуучулары 1-сменде, саат 14.00дөн 19.00гө чейин 10-11-класстардын окуучулары 2-сменде окушат;

33. 4-класста 5 сабактан кем эмес, 5-11-класстарда 6 сабактан көп эмес жүктөм менен түзүлүшү керек;

34. Сабактардын жүгүртмөсү окуучулардын бир күндүк жана бир жумалык акыл-эсинин иштөө жөндөмдүүлүгүн жана окуу предметтеринин татаалдык шкаласын эске алуу менен түзүлөт;

35. Сабактардын жүгүртмөсүн түзүүдө бир күндө жана бир жумада сабактарды ар кандай татаалдыгына жараша кезеги менен коюу зарыл: 2 жана 3 баскычтын окуучулары үчүн табият таануу-математикалык профилдеги сабактар гуманитардык сабактар менен кезектешиши керек;

36.Өтө оор сабактар 2-4 сабактарга коюлушу талап кылынат. Акыркы сабактарда окуучу чарчап, кабыл алуусу төмөндөгөнүнө байланыштуу;

37. Бир окуу күнүндө текшерүү иштери 1-2 сабактан өткөрүлүп, 2-сааттан 4-саатка чейин жүргүзүлөт;

38. Бардык класстарда сабактын узактыгы 45 мүнөттөн ашпашы керек; Окутуу 5 күндүк жана 2 сменде окутулат;

39. Тыныгууну таза абада уюштуруу сунушталат. Сменалардын алмашуусунун ортосундагы убакыт жайларды тазалоо жана желдетүү үчун пайдаланылат. Тынч эмес эпидемиологиялык кырдаалда дезинфекциялоо жумуштарын жүргүзүү узартылат.
40. Окуу процессине көнүү мезгилин жеңилдетүү максатында маалыматтык-коммуникациялык технологияларды жана көрсөтмө окуу куралдарын колдонуп медициналык –психологиялык жардам көрсөтүлүшү зарыл;
41. Окуучулардын чарчоосун, келбетинин жана көзүнүн көрүүсүнүн бузулушун алдын алуу үчүн сабактарда чакан дене тарбиялык мүнөттөрду жана көздүн гимнастикасын өткөрүү зарыл;

42. Сабак учурунда (текшерүү иштерден тышкары) окуу иш-аракеттин ар кандай түрлөрүн кезектөө зарыл. Окуучулдардын окуу иш-аракетинин түрлөрүнүн орто үзгүлтүксүз узактыгы (кагаздан окуу, жазуу, угуу, жооп берүү ж.б.) 4-класста 7-10 мүнөттөн, 5-11-класстарда 10-15 мүнөттөн ашпашы керек. Көздөн дептерге же китепке болгон аралык 4-класстардын окуучуларыныкы 25-30 см., 5-11-класстарда 45 сантиметрди тузүшү керек.

43. Окуучуларды 18ден жаш адамдарга иштөөгө тыюу салынган зыяны бар же кооптуу шарттардагы жумуштарды иштетүүгө, ошондой эле чатырдагы карды түшүртүүгө тыюу салынат;

44. Үй тапшырмаларынын көлөмү аны аткаруу үчүн кеткен убакыт төмөнкүдөн жогору болбош керек (астрономиялык саатта): 4-5 класстарда- 2 саат, 6-8-класстарда -2,5 саат, 9-11-класстарда -3,5 саатка чейин;

45. Жыйынтыктоочу аттестацияны өткөрүүдө экзамен бир күндө бир сабактан көп болбошу керек. Экзамендер ортосундагы тыныгуу 2 күндөн аз болбошу керек;

46. Күндөлүк китептердин жана жазуу буюмдарынын салмагы төмөнкүдөн жогорулабашы керек: 4-класстар үчүн-2 кг., 5-6-класстар үчүн- 2,5 кгдан жогору, 7-8-класстар үчүн – 3,5 кгдан жогору, 9-11-класстар үчүн 4,0 кгдан жогору;

47. Бардык билим берүү уюмдарында медициналык кароону уюштуруу зарыл;

48. Балдар, алардын ден соолугу жөнүндө документтери болгондо, эмдөөлөрдү өткөндө жана жугуштуу оорулары болбогондо окууга кабыл алынат;

49. Жалпы билим берүү уюмдарында окуучулар ооруп келгенден кийин сабактарга кирүүгө врач-педиатрдын маалымкатынын негизинде мүмкүнчүлүк алат;

50. Окуу жайда жугуштуу жана жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу иштери уюштурулат;

51. Котур же педикулез оорусу менен ооруган окуучулар дарылануу убагында мектепке келбейт. Дарылануу комплекси аяктагандан кийин врачтын маалымкаты менен келет.

51. Жалпы билим берүү уюмдарынын бардык кызматкерлери КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 16-майы № 225 “КРнын коомдук саламаттыкты сактоо жаатындагы нормативдик укуктук актыларын бекитүү жөнүндө” токтомуна ылайык алдын ала жана мезгилдүү медициналык кароодон өтүшөт.